7.2. Класстык чогулуш-класстагы окуучулардын өзүн-өзү башкаруунун жамааттык органы айына кеминде бир жолу өткөрүлөт.

7.3. Класстык чогулуш класс жамаатынын иши боюнча чечимдерди кабыл алат. Мектептин Кеңешинин чечимдери жөнүндө маалыматты угат, ушул чечимдерди ишке ашыруу боюнча конкреттүү чараларды белгилейт.

8. Өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишинин мазмуну

8.1. Өзүн -өзү башкаруу органдарынын ишинин мазмуну уюмдун мүнөздүү иш аракеттеринин негизинде аныкталат

8.2. Мектептеги класстан тышкары иш чаралар:

- ❖ Предметтик жумалыктар, жолугушуулар, интелектуалдык оюндар, талаш-тартыштар, конференциялар, консультациялар (окуучулардын окуусунда өз ара жардамдашуу);
- ❖ Спорт жана эс алуу иштерин уюштуруу, спорт секциялары, спорт күндөрү, мелдештер, ден-соолук күндөрү;
- ❖ Көркөм эстетикалык иш чаралар, концерттер, майрамдар, конкурстар, жолугушуулар;
- ❖ Кичүүгө жардам берүү жана улууларга кам көрүү;
- ❖ Маалымат иш аракеттери жашоо жөнүндө жазылган маалымат класстар, мектеп борборлору. Окуучулар иш чараларды даярдоого жана уюштурууга активдүү катышат.

9. Окуучунун өзүн-өзү башкаруусун мектептеги натыйжалуу иш аракетинин негизги критерийлери болуп төмөнкүлөр саналат.

- ❖ Окуучуларды окуу-тарбия иштерин уюштурууга жана аны башкарууга киргизүү;
- ❖ Топтордун иштерин уюштуруу жөндөмдүүлүгү;
- ❖ Жалпы максаттарга жетүү үчүн жоопкерчиликти билүү;
- ❖ Келечектин программасын талдоо жана аныктоо.

10. Кеңештин курамынан чыгаруу шарттары

10.1. Кеңештин мүчөлөрү көпчүлүктүн добушу менен Кеңештен чыгарылышы мүмкүн, эгерде:

- ❖ Анда белгиленген негизги укуктарды жана милдеттерди аткарбоо;
- ❖ Мектептеги эрежелерди жана тартипти бузуу;
- ❖ Кеңештин отурумдарына себепсиз 3 жолудан ашык катышпоо;
- ❖ Кеңештин мүчөлөрүнүн аракетсиздиги жана демилгесиздиги.

11. Корутунду жоболор

11.1. Бул жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет;

11.2. Бул регламентке өзгөртүүлөрдү мектептин парламенти мектептин окуучулар кеңешинин сунушу боюнча киргизет (мектеп окуучуларынын конференциясы).